# 2023-2024-окуу жылына карата социалдык педагогдор үчүн методикалык сунуштар

*Тарбия, социалдаштыруу жана мектептен сырткаркы кошумча*

*билим берүү  лабораториясынын башчысы, ж.и.к. Алымбаева Б.Б.,*

*п.и.к. Жумабаева Г.А.*

# ЖЕТЕКЧИЛИККЕ АЛЫНГАН ДОКУМЕНТТЕР

- КРнын президенти С.Н.Жапаровдун “Инсанды руханий, адеп-ахлактык өнүктүрүү жана дене тарбия” жөнүндөгү Жарлыгы (29.01.2021., ПЖ. №1)
- “Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-2024-жылдарга карата программасы”, (31.05.2021 89/1 буйругу)
- КББАсы иштеп чыккан “Кыргыз Республикасында 2021-2030-жылдарга карата мектеп окуучуларын жана жаштарды тарбиялоо концепциясы” (21.04.2021.№441/1 буйругу менен бекитилген)
- Тарбия иштеринин программасы (29.12.2022. № 9 Окумуштуулар кеңешинде бекитилген)

# Конституциянын аткарылышы

- КР Конституциясында үй-бүлө, балалык – бүткүл коомдун камкордугуна алынат жана мыйзам менен артыкчылыктуу корголот.
- Ар бир бала дене боюнун, акыл-эсинин, ички руханий ыймандык жана социалдык өнүгүүсү үчүн зарыл болгон жашоо деңгээлине укуктуу.
- Бул Конституциянын беренелеринин аткарылышында социалдык педагогдордун ролу чоң.

# СОЦИАЛДЫК ПЕДАГОГ ЖАНА СОЦИАЛДЫК МАСЕЛЕЛЕР

- Билим берүү мекемелеринде жүргүзүлгөн расмий таалим-тарбия (класстан, мектептен тышкары иштер, окуучу менен жеке иш алып баруу, жамааттык, топтук иш чаралар) иштери, инсандын руханий жактан өсүп-өнүгүшүнө багытталат. Социалдык педагог бул багытты ишке ашыруу үчүн моралдык-психологиялык климатты түзүүнүн үстүндө иш алып барат.
- Окуучулардын социалдык көйгөйлөрдү чечүүсүнө жардам берет.
- Окуучулардын өнүгүүсүнө ыңгайлуу социалдык шарттарды түзөт.
- Жардамга муктаж балдарга камкордук көрөт.
- Балдардын өз маселелерин, өздөрү чечүүгө үйрөтөт.

# ҮЙ-БҮЛӨНҮ ЖАНА БАЛДАРДЫ КОРГООДО СОЦИАЛДЫК ПЕДАГОГДУН ЖАРДАМЫ

- Социалдык укуктук жардам – балдардын укугун коргоо, аларга үй-бүлө, нике, эмгек, жарандык укуктар боюнча маалымат берүү жаатында тарбиялык иштерди уюштурат;
- Социалдык реабилитациялык жардам: жардамга муктаж балдарга психологиялык, моралдык, эмоционалдык жактан колдоо көрсөтүп, ден соолугун чыңдоого жардам берет;
- Социалдык-тиричилик жардамы – балдардын үй-бүлөлүк турмуш шартын жана үй-бүлөлүк жагдайды оңдоого багыт берет.

- Социалдык-медициналык жардам – оорулуу балдардын ден соолугуна көз салып, жашы жете элек балдардын аракечтикке, баңгиликке берилип кетүүсүн алдын алат. Андай балдар менен жакындан иш алып барып, дарылануусун көзөмөлдөйт;
- Социалдык-педагогикалык жардам – балдардын ата-энеси менен болгон мамилесин жакшыртууга аракеттенет. Үйдөн качкан, тил албаган, тартипсиз, жаман жолго түшкөн балдарды тарбиялоонун планын иштеп чыгып, аларды оң жолго салуунун үстүндө үзгүлтүксүз иш алып барат.

# ТАЛКУУЛООГО СУНУШ КЫЛЫНГАН МАСЕЛЕЛЕР

- Социалдык жардамга муктаж балдар менен иштөөнүн түрлөрү жана формалары;
- Мигрант ата-энелердин балдарына психологиялык, эмоционалдык, моралдык көмөк көрсөтүү;
- Жетим, тоголок жетим, социалдык жетим калган балдарга камкордук көрүү;
- Физикалык, психикалык, сексуалдык зордук-зомбулукка дуушар болгон балдарга жардам берүү;
- Социалдык жардамга муктаж (социалдык жетим, курмандыкка учураган, качкындардын жана аракеч ата-энесинин ырайымсыздыгынан жабыр тарткан балдары, майыптар) балдар менен иштөө.

- Социалдык педагогдун зээндүү, зирек, таланттуу, чыгармачыл балдар менен иштөөсү;
- «Диний» секталарга, батыштын субъективдүү маданиятын туураган, псевдомаданий топторго кирген, туура эмес багыттагы, терс жолго түшкөн балдар менен иштөө;
- Компьютердик бүлдүрүү, жардыруу, киши өлтүрүү ж.б. Оюндарга, автоматтык кумар оюндарына кызыккан балдар менен иштөө. Кумар оюндарынын зыяндуулугун алдын алуу;
- Үй-бүлө институтун бекемдөө, балдар менен иштөөгө карата ата-энелердин педагогикалык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча иш чаралар;
- Инсандын социализациясына өбөлгө болуучу факторлор: үй-бүлө, балдар коллективи, билим берүү системасы, маданият, чөйрө ж.б.

# Сунушталуучу методикалык колдонмолор


- Алиева С.В. Социальная педагогика: Учебное пособие / А.В. Иванов, С.В. Алиева. – М.: Дашков И.К., 2013.
- Асипова Н.Социалдык тарбия. Бишкек. Кыргыз-Түрк «Манас» унивеситетинин басмасы. 2004.
- Альжев Д.В. Социальная педагогика:: шпаргалка / Д.В. Альжев. – РнД: Феникс, 2014.
- Басов Н.Ф. Социальная педагогика: Учебное пособие для ВУЗов / Н.Ф.Басов. – М.: КноРус, 2010.
- Василькова Ю.В., Василькова Т.А. Социальная педагогика / курс лекций – М.: 2015.
- Кащенко В.П.  Педагогическая коррекция. Кн.для учителей. – М.: 2000.

- Липский И.А. Социальная педагогика: Учебник для бакалавров / И.А. Липский, Л.Е.Сикорская. – М.: Дашков и К, 2014.
- Лодкина Т.В. Социальная педагогика: Защита семьи и детства: Учебное пособие / Т.В. Лодкина. – М.: Академия, 2010.
- Мудрик А.В. Социальная педагогика. – М.: АСАДЕМА, 2005.
- Мардахев Л.В. Социальная педагогика. – М.: ГАРДАРИКИ, 2005.
- Овчарова Р.В. Рабочая книга социального педагога. – М.: ТЦ «Сфера», 2001.
- Рахимова М.Р., Абдыкеримова М.А. Социальная педагогика. – Бишкек, 2004.
- Семенов Г. Социально-педагогическая работа с многодетными семьями. Воспитание школьников. – М.: 2003, № 1
- Тихомирова Е. И. Социальная педагогика. Самореализация школьников в коллективе. – М.: Академия, 2018.

# Көңүл бурганыңыздарга рахмат!